**СОЦИОЛОГИЯ ИЛИМДЕРИ**
**СОЦИОЛОГИЧЕСКИЕ НАУКИ**
**SOCIOLOGICAL SCIENCES**

DOI:10.26104/NNTIK.2023.55.72.032

*Мурзаев М.С.*

# ЕВРОЦЕНТРИЗМДЕН КЫРГЫЗЦЕНТРИЗМГЕ ӨТҮҮ: ГИПОТЕЗАЛАР, КӨЙГӨЙЛӨР, СУНУШТАР

*Мурзаев М.С.*

# ПЕРЕХОД ОТ ЕВРОЦЕНТРИЗМА К КЫРГЫЗЦЕНТРИЗМУ: ГИПОТЕЗЫ, ПРОБЛЕМЫ, ПРЕДЛОЖЕНИЯ

*M. Murzaev*

# THE TRANSITION FROM EURO-CENTRISM TO KYRGYZ-CENTRISM: HYPOTHESES, PROBLEMS, PROPOSAL

*УДК: 371:37.01 (575.2) (04)*

*Макалада евроцентризмдин жаралышы, өнүгүшү, анын дүйнөнүн маданий-рухий өнүгүүсүндөгү ролу жана орду, азыркы кездеги кыргыз элинин коомдук аң-сезиминдеги орду, улуттук маданий жана рухий өнүгүүгө тийгизген терс таасирлери ачыкталат. Теориялык жактан этникалык аң-сезим, өзүн-өзү аңдап билүү, идентүүлүк терминдери талдоого алынып, алардын улуттук аң-сезимдин жана өзүн-өзү аңдап билүүнүн, улуттук психологиянын, менталитеттин өнүгүүсүндөгү ролу ачып берилди. Республикабыздын коомдук-саясый өнүгүүсүн улуттук нукка буруу жана улуттук өнүгүү жолубузду аныктоо зарылдыгы далилденип, улуттук өнүгүүнүн мазмуну жана багыттары ачыкталып, евроцентризмден жана орусцентризмден арылуунун, өлкөнү улуттук негизде өнүктүрүүнүн жолдору, механизмдери боюнча сунуштар айтылат.*

***Негизги сөздөр:*** *евроцентризм, маданий-рухий өнүгүү, коомдук аң-сезим, коомдук-саясый өнүгүү, этникалык аң-сезим, өзүн-өзү аңдап билүү, идентүүлүк, улуттук өнүгүү, өлкөнү өнүктүрүү, евроцентризмден арылуу.*

*В статье рассматривается зарождение и развитие европоцентризма, его роль и место в культурном и духовном развитии современного мира, место европоцентризма в общественном сознании кыргызского народа сегодня, его негативное влияние на развитие национальной культуры и духовной жизни кыргызов, доказывается необходимость его искоренения. Теоретически раскрываются содержания терминов этническое сознание, самосознание, идентичность и их роль, и место в развитие национального сознания и самосознания, менталитета. Доказывается необходимость искоренения европоцентризма и определения путей общественно-политического развития нашей республики на национальной основе и определены пути национального развития, раскрываются содержание и направления национального развития, даются рекомендации о путях и механизмах избавления от европоцентризма и производный от него русоцентризма, даются рекомендации по развития страны на национальной основе, также раскрыта пути и механизми претвареиия их в жизнь.*

***Ключевые слова:*** *евроцентризм, культурно-духовное развитие, общественное сознание, общественно-политическое развитие, этническое сознание, этническое самосознание, идентичность, национальное развитие, развитие государство, искоренение евроцентризма.*

*The article reveals the creation and development of Eurocentrism, its role and place in the cultural and spiritual development of the modern world, the place of Eurocentrism in the public consciousness of the Kyrgyz people, its negative effects on national development and the need to get rid of it. Ethnic consciousness, self-awareness, identity are analyzed theoretically and their role in the development of national consciousness is revealed. The need to direct the socio-political development of our Republic to the national direction and determine the path of national development, its contents are clarified, the issues of getting rid of Eurocentrism and its derivative Russocentrism are discussed, and recommendations are made on the directions of development of the country on a national basis.*

***Key words:*** *eurocentrism, cultural and spiritual development, public consciousness, socio-political development, ethnic consciousness, ethnic self-consciousness, identity, national development, development of the state, eradication of eurocentrism.*

**Киришүү.** Коомдо адамдардын жүрүм-турумун **аң-сезим** жана анын бир элементи болгон **өзүн-өзү аңдап билүү** жөнгө салып турат. Башкача айтканда аң-сезим жана өзүн-өзү аңдап билүүнүн мазмуну кандай болсо, адамдардын жүрүм-туруму ошого жараша өзгөчөлүктөргө ээ болот.

Ар бир адамдын аң-сезими жана өзүн-өзү аңдап билүүсү ал адамдын кайсы топко, урууга, элге, улутка ж.б. киргендигине (кайсыл топтун өкүлү экендигине) жараша өз өзгөчөлүктөрүнө ээ болот.

Азыркы кезде глобалдашуу процессинин жана маалымат технологияларынын, маданияттардын карым-катышынын таасирлерине карата коомубузда эки тенденция бар. Биринчиси, ар башка элдердин турмуш-тиричилиги, нарк-насили, социалдык установкалары, жүрүм-турум нормалары, кийими жана башкалар унификацияланып, окшошуп бара жаткандыгы. Экинчиси, ар бир эл өзүнүн идентүүлүгүн, кайталангыстыгын сактап калууга умтулары. Бул кыргыз элинде, айрыкча чет жерлерде миграцияда жүргөн кыргыз атуулдарында улуттук кийимдерди кийүүгө болгон кызыгуунун күчөшүнөн ачык

көрүнөт. Алсак, кыз-келиндерибиздин улуттук кийимде жаркырап Москванын борбору Кызыл аянтта жүрүшү, бий көрсөтүшү ж.б.у.с. жогорудагы сөзүбүзгө далил болот.

Элдин эл катары сакталышында, түзүлүшүндө этникалык аң-сезимдин ролу өтө чоң. Этникалык аң-сезим – (этническое сознание) өз элин бөтөн элдерден психологиялык жактан айырмалай билүү [4].

Этникалык аң-сезим дегенибиз бөтөн этникалык группалардын бар экендигин чагылдырып билүүнүн бир формасы, ошондой эле ошол этникалык группага карата мамилеси болуп саналат [1, 173-б.] жана өз элинин, улутунун өзгөчөлүктөрүн: каада-салтын, үрп-адатын, ырым-жырымдарын ж.б. так таанып-билгенге, ажыратканга мүмкүндүк берет.

Этникалык аң-сезимдин курамында этникалык өзүн-өзү аңдап билүү пайда болот жана өнүгөт, өз элинин бөлөк элдерден болгон айырмачылыгын аңдап билүүгө мүмкүндүк берет. Башкача айтканда өзүн-өзү аңдап билүү аркылуу адам өзүн таанып билет жана өзүнө мамиле жасайт. М: Кыргыздар «биз байыркы элбиз, Манас бизден чыккан ж.б.» деп өздөрүнүн улутун макташат.

*Этникалык өзүн-өзү аңдап билүү* – (этническая самосознания) – өз элинин бүт өзгөчөлүктөрүн (маданий, психологиялык ж.б.) бөтөн элдердин маданиятынан, психологиясынан айырмалай билүү [7, 170-б.].

**Изилдөөнүн каражаттары жана ыкмалары**. Өзүн-өзү аңдап билүү – адамдын өзүнүн сапаттарын, касиеттерин, жөндөмдүүлүктөрүн, сырткы көрүнүшүн, коомдогу ордун баш мээсинде чагылдырышы, адамдын аң-сезиминдеги өзү жөнүндөгү образы. Ошол образга жараша адам өзүнө жана бөлөк адамдарга мамиле жасайт [6, 155-б.].

Этникалык өзүн-өзү аңдап билүү – адамдын өзүнүн белгилүү бир этникалык топко тиешелүү экендигин аңдап билүүсү жана бул топтун психикалык жалпылыгы «биз – сезими» («мы – чувства») калыптанышы менен ишке ашат. Этникалык топто «биз сезими» өзүнүн тобунун өзгөчөлүктөрүн, бөтөн этникалык топтордон айырмачылыктарын аныктоого мүмкүндүк берет [5, 28-б.].

Жыйынтыктап айтканда, этникалык аң-сезим башка элдердин, улуттардын өзгөчөлүктөрүн билүүгө, үйрөнүүгө, багытталса, этникалык өзүн-өзү аңдап билүү өз этносу башка этностордон эмнеси менен айырмалана тургандыгын таанып билүүгө, үйрөнүүгө алып келет жана өзүн-өзү аңдап билүү аркылуу этнос өкүлдөрү биригет, бир бүтүнгө айланат.

Макалабызда аналитикалык жалпылоо, мазмунду чечмелеп талдоо ыкмалары аркылуу Республикабыздын коомдук-саясый өнүгүүсүн улуттук нукка буруу жана улуттук өнүгүү жолубузду мазмунун аныктоо, евроцентризмден арылуу маселелери жөнүндө сөз болуп, өлкөнү улуттук негизде өнүктүрүү багыттары боюнча сунуштар айтылат.

**Жыйынтыктар жана талкуулар.** Элдин этникалык өзүн-өзү аңдап билүүсү элдин тилинде, үрп-адаттарында, каада-салттарында, ырым-жырымдарында, уламыштарында, мифтеринде, ишенимдеринде, элдин табитинде, жашоо образында жана жашоо стилинде сакталган улуттук өзгөчөлүктөрүнүн кылымдан-кылымга сакталып калуусун жана элдин бүт өзгөчөлүктөрүнүн муундан-муунга берилүүсүн шарттайт. Алсак, кыргыз элинин өзүн-өзү аңдап билүүсү төмөн болгондуктан, ар бир уруу өз уруусун мактап, эл бир улутка бириге албай жатышат.

Ар башка этностордун өкүлдөрү өз ара карым-катыш жасаганда этникалык аң-сезимде «этноцентризм» пайда болот.

Этноцентризм – өзүнүн этникалык тайпасын жакшы көрүү, бүт турмуштук кубулуштарды анын позициясынан кабыл алууга умтулуу, өз тайпасынын сапаттарына жан күйүү менен мамиле жасоо [1, 176-б.].

Этноцентризм – өз элинин көз карашынан (салтынан, дүйнө түшүнүгүнөн ж.б.) туруп, бөтөн элдин, улуттун тарыхый шарт, улуттук нарк-насил, менталитет ж.б. таасиринен жаралаган өзгөчөлүктөрүн эске албай эле, башка элдин жашоо образына, жүрүм-турумуна, салтына, маданиятына ж.б. баа берүү (тактап айтканда, аны төмөн баалоо ж.б.) жана ошол баа берүүгө негизденип мамиле жасоо. Ошондон этноцентризм – өз элинин бүт өзгөчөлүктөрүн жакшы деп кабылдоого жана мамиле жасоого, ал эми башка элдердин бүт өзгөчөлүктөрүн жаман деп кабылдоого жана ошого жараша аларга терс мамиле жасоого алып келет.

Биздин пикирибизче, кыргыздардын аң-сезимине, өзүн-өзү аңдап билүүсүнө этноцентризмден сырткары евроцентризм, ага улай советизм (орусцентризм) да мүнөздүү. Эми мына ушул евроценризмдин (жана орусцентризмдин) кыргыз элинде калыптанышына жана алардын терс таасирлерине токтололу.

Тарыхый сөздүктө «евроцентризм деген азыркы цивилизациянын жана маданияттын өнүгүшүндө Европа негизги ролду ойногон деген концепция» [3] - деген аныктама берилет.

Т.Ф. Кузнецовдун түшүндүрмө сөздүгүндө «евроцентризм – адамзат тарыхында европалык өнүгүү жолу дүйнө жүзүндөгү жалгыз жана универсалдуу өнүгүү жолу болуп саналат деген көз караштардын жыйындысы» [2] - деп берилет.

Евроцентризм орто кылымдарда жаралып, Европа өлкөлөрү экономикалык-саясый, материалдык-техникалык жактан дүркүрөп өнүгүп жаткан мезгилде евроцентризм жаралган жана өнүктүрүлгөн [9]. Окумуштуулар евроцентризмдин пайда болушунун себептери катары башка элдерге караганда европалыктардын илимий-техникалык деңгээли боюнча

алдыга чыгып кетиши менен байланыштырышат. Айрыкча Европада корабль куруу (жана согуш куралдарын жасоо) өнүгүп, бул европалыктардын эбегейсиз күчкө ээ болушуна алып келген. Анын натыйжасында артта калган элдерди басып алуу ыңгайлуу (өтө оңой) болгон. Басып алган элдердин бүт байлыгын европалыктар өз өлкөлөрүнүн өнүгүшүнө пайдаланган ж.б. у.с. Ушул зордук-зомбулук менен коштолгон колониялык өнүгүү жолду актап-жактоо үчүн евроцентризмди жараткан деп эсептелинет [3].

Филип Хоффман «1492-жылдан 1914-жылга чейин европалыктар жер жүзүнүн 84% өзүнө каратып (басып) алган» [2]. Ошонун кесепетинен алар Европа баарынан (акыл-эс ж.б. жагынан) алдында жана адамзаттын баарына үлгү болот деген ойдо болушкан.

Евроцентризм – дүйнөлүк цивилизациянын жана маданияттын өнүгүшүндө батыш европалыктардын статусу өзгөчө жана батыш европалык баалуулуктардын мааниси өтө чоң деп эсептеген тарыхый-маданий жана геосаясый концепция болуп саналат [9].

Биздин пикирибизче, евроцентризмдин жаралышынын себептеринин бири жана анын негизги мүнөздүү өзгөчөлүгү болуп, дүйнө элдеринин тарыхын, илимдеги жана маданияттагы жетишкендиктерин туура эмес баалоо, илимий фактыларды бурмалоо (фалсификациялоо ж.б.) салтын жаратකандыгы жана ал салттын көп кылымдардан бери улантылып келүүсү, мындан кийин да ал салттын улантыла бериши саналат десек туура болот.

Евроценризмдин таасири коомдук турмуштун бүт тармагын өз ичине камтыган. Бул айрыкча илимдин өнүгүшүн (илимий идеялардын, ачылыштардын жаралышы ж.б.) түшүндүрүүдөн ачык көрүнөт.

«Евроцентризмдин өнүгүшү тарыхты жана илимдин өнүгүшүндөгү тарыхый фактыларды (илимий ачылыштарды ж.б.) бурмалоонун натыйжасында өнүккөн» - деген пикирибизге далил катары Европада Чыгыш жана араб окумуштуулары жараткан илимий ачылыштарды европалыктар жараткан ж.б. деп жар салуу салты калыптангандыгын айтсак болот. М: Улукбектин ачылышынан 300 жылдан кийин Коперник ж.б. ачкан ачылыштарды, европацентризмге ууланган окумуштуулар «Күн жерди эмес, жер күндү айланат» деген идеяны дүйнөгө биз ачтык деп даңазалоо ж.б. ишке ашырылып келет. Алсак, азыркы кезде Батышта (Европада, АКШ жана Канадада) дүркүрөп өнүгүп жаткан психологиялык тренингдер, бай болууга, бактылуу болууга үйрөтүү идеясы, принциптери, технологиялары жана техникалары Чыгышта жаратылган психологиялык-психотехникалык маданияттан алынган. Анткени орто кылымдарда Чыгыштын бардык улуу адамдары урпактарга ар кандай формада жазылган адабий-философиялык насыяттарды калтырышкан. Андай китептердин саны 1300дөн ашуун деп жүрүшөт [8]. Алардын бири – Унсуралмаали Кайкавустун «Кабусname» (Кыргызчага которгон Амирбек Азам уулу), - Б.: «Гүлчынар», - 2009. - 196 б.) китеби. Ал китеп 1082-83-жылдары уулуна осуят катары жазылган [8]. Китепте турмуштун бүт тарабы, айрыкча адамдардын өз ара мамилесинин сырлары, адамдын жан дүйнөсүнүн өзгөчөлүктөрү ж.б. камтылган.

Азыркы кездеги психологиялык тренингдер, бай болуу боюнча китептер менен тааныш болгон киши Унсуралмаали Кайкавустун «КАБУСНАМЕ» китебиндеги насааттар Батыш маданиятында психологиялык тренинг илиминин теориясынын жана практикасынын, жалпы эле психологиялык тренинг маданиятынын жаралышына негиз болгондугуна ынанат. Бирок батышта басмадан чыккан психология боюнча китептерде бул жөнүндө эч сөз айтылбайт. Баарын европалыктар өздөрү ойлоп тапкандай элес калтырышат.

Кыргыз эли да евроценризмдин таасирине кабылган. СССР учурунда совет бийлиги мезгилинде орустар бизде евроценризмди, ага жанаша орусцентризмди *(**Орусцентризм** – түрк элдеринин тарыхын бурмалоо аркылуу орустар кыйын, орустар силдерге маданиятты үйрөттү ж.б.у.с. түшүнүктөрдү, ишенимдерди, ынанымдарды таратуу аркылуу элдин аң сезимине кийирүү саясатынын жүргүзүлүшү)* жараткан. 70 жыл совет бийлиги евроцентризмди (жана орусцентризмди) биздин аң-сезимибизге сиңирген идеологиясынын натыйжасында кыргыз атуулдарынын аң-сезиминде европалыктарды, орустарды көкөлөтүп мактоо жана кулдук уруу ж.б. (алар күчтүү, илим-билимдин очогу, илим аларда өнүккөн ж.б.), жүрүм-турумунда: жетелемелик, тууроочулук (бирөөгө карап иш тутуу), белимчилик ж.б. пайда болгон. Бул сөзүбүзгө өлкөбүздүн конституциясын, көптөгөн негизги мыйзамдарын кабыл алууда чет өлкөлүктөрдү, айрыкча орус мамлекеттик Думасын туурап, аларды кайталоо ж.б. жол берилип жатышы далил болот.

Евроцентризмдин – Батыш моралынын жана евро-христиан баалуулуктары бөлөк мусулман коомдоруна кыйратуучулук таасирге ээ болгон сыяктуу эле Кыргызстанга дагы кыйратуучулук жана бузуучулук таасирге ээ. Европалык маданияттагы, жашоо образдагы ж.б. ээнбаштыкты, көр тириликти канааттандандырууга сугарылган индивидуализмди жана материалдык (баалуулуктарды ж.б.) жыргалчылыкты даңазалоо саясаты кино, телеидение, гезит-журнал ж.б. аркылуу кылымдар бою калыптанып келген кыргыз элинин улуттук менталитетине, нарк-насилине, коомдук катнаштарга, үй-бүлөлүк мерчемдерге чоң сокку урду жана аларды өзгөрүүлөргө учуратты жана учуратууда.

Евроцентризмдин терс таасирлеринин көрүнүштөрү катары кыргыздарда европалык-орустук көз

караШты өзүнө мерчем кылып алуусун, жетелемеликтин жана тууроочулуктун, өз алдынча чечим кабыл ала албоонун ж.б.күчтүүлүгүн айтууга болот.

Евроцентризмдин таасирлеринен азыр кыргыз коомунда өз алдынча чечим кабыл ала албаган, дайыма кылчактап күчтүү инсанды, топту карап чечим кабыл алып, башкаларды белимчидей туурап жашап жаткан, чет өлкөлөрдө эмне иш жасалса, ошону кайталоо менен алектенүү фактылары кездешет.

Жогоруда айтылгандардан белгилүү болгондой, евроцентризмдин-орусцентризмдин таасиринен өлкөбүздүн өнүгүүсү ойдогудай болбой жатат. Мына ошондуктан евроцентризмден жана орусцентризмден арылуу бүгүнкү күндүн талабы жана ал үчүн коомдо евроцентризмден кыргызцентризмге өтүү идеологиясын жүргүзүүбүз зарыл.

Кыргызцентризмге өтүү идеологиясын кыргыздарда европалыктардын маданиятына каршы иммунитетти калыптандыруу катары кароо туура болот. Анткени азыркы күндө да европалыктардын маданиятынын таасири күчтүү болуп, жаш муундарыбыздын азыркы цивилизациянын курмандыгы европалыктардын маданиятындагы жана көркөм өнөрүндөгү баалуулуктарды өзүнө үлгү кылып алып, өзүнүн улуттук нарк-насилин, баалуулуктарын четке кагышына ж.б. алып келүүдө.

*Кыргыздарда европалыктардын маданиятына каршы иммунитетти калыптандыруу* үчүн:

1. Үй-бүлөдөн баштап балдарга улуттук баалуулуктарды, нарк-насилди үйрөтүү, европалыктардын маданиятына каршы иммунитет болуп саналат.

2. Жаш муундарга туура диний тарбия берүү аркылуу, баптистердин, жаговалардын ж.б. тобуна кошулуп кетүүчү кыргыздардын санын азайтып, европалыктардын маданиятына каршы имунитетти калыптандырууга болот.

3. Жаш муундарды улуттук нукта тарбиялоонун негизинде аларды өзүн-өзү өнүктүрүүгө, сынчыл ойломго үйрөтүү аркылуу европалыктардын маданиятына каршы иммунитетти калыптандырууга жетишебиз.

Евроцентризмден кыргызцентризмге (кыргыз элинин унгусуна) карай багыт алуу дегенде биз кыргыз өлкөсүнүн өнүгүшүндө улуттук кызыкчылыктарды баарынан жогору койгон, элдин табигый өнүгүү жолуна багыт алууну эл-жерди сактоо жана өнүктүрүү, ата-бабалардын каада-салтын сактоо жана кастарлоо, өсүп келе жаткан муунга кам көрүү, коомдогу ынтымакчылык-ырыскерчилик ж.б. түшүнөбүз.

Кыргыздарда европалыктардын маданиятына каршы иммунитетти калыптандыруу жана евроцентризм, ага жанаша орусцентризмден арылуу үчүн, биз биринчи кезекте орус дилинен, орус тарбиясынан арылышыбыз зарыл. Ал үчүн мектептерде балдарды басымдуу түрдө кыргыз тилинде окутууга өтүүбүз зарыл.

Кыргызцентризмге багыт алуу кыргыз маданиятындагы баалуулуктарды, нарк-насилдерди ж.б. туу тутуп жашоого, евроцентризмден арылууга, этникалык аң-сезимибизде кыргызцентризмдин орношуна алып келет. Кыргызцентризм өлкөнү ар тараптан өнүктүрүүнүн өбөлгөсү болуп, Кыргызстандагы адамдардын турмуш-тиричилигин, нарк-насилин, социалдык установкаларын, жүрүм-турум нормаларын ж.б. улуттук негизде өнүгүшүнүн эң негизги шарты болуп саналат. Ал кыргыз өлкөсүнүн өнүгүшүнө салым кошкон, улуттук кызыкчылыктарды баарынан жогору койгон, элдин табигый өнүгүү жолун (ата-бабалар салтын кастарлап сактаган жана туткан ж.б.) туу туткан муунду тарбиялоого мүмкүндүк берет. Бул болсо элдин аң-сезимин жана өзүн-өзү аңдап билүүсүн, элибиздин бүт жүрүм-турумдарын өзгөртүп, адамдардын мекенчил, өлкөбүздүн өнүгүшүнө чын дилден күйүп жанган атуулдардын көбөйүшүнө өз таасирин тийгизет жана евроцентризмдин терс таасирлеринен сактануусуна улут үчүн иммунитеттик кызмат аткарат.

Кыргызцентризмди ишке ашырууда өсүп келе жаткан жаш муундарыбызды улуттук нукта тарбиялоого, аларды мекенчилдик көз караштарга ээ болгон, ыймандуу жана күчтүү муун катары калыптандырууга мүмкүндүк берет жана кыргызцентризм Кыргызстанды жанындай сүйгөн мекенчил муунду тарбиялоону камсыз кылат.

Бүгүнкү күндө элибиздин кыргызча өнүгүүсүн камсыз кылуу үчүн бүт батыштын «акылдуу» китептеринен, маданиятынан, тарбия салтынан арылып, өзүбүздүн ата тегибиз колдонгон нарк-насилдерди бүгүнкү күнгө ылайыктап, адаптациялап колдонууга өтүшүбүз керек. Президентибиздин 2022-жылдын 20-майындагы нарк жөнүндөгү жарлыгы да бизди улуттук баалуулуктарды тутунуп жашоого багыттайт. Биз биринчи кезекте европалыктардын маданиятына сын көз менен карооо өтүшүбүз шарт.

Жаш муундарда кыргызцентризмди калыптандырууда жана аларды ыймандуулукка, адептүүлүккө, эмгекке ж.б. тарбиялоодо узак кылымдар аралыгында элдин ишмердүүлүгүнүн натыйжасында жаралган жана элдин оозеки чыгармачылыгында, үрп-адаттарында, каада-салттарында ж.б. сакталып, муундан-муунга берилип келген элдик педагогикабызда сакталган таалим-тарбия маданиятын (улуттук нарк-насилдер, баалуулуктар ж.б.), жаш муундарды тарбиялоодо пайдалануу зарыл болуп саналат. Анткени элдин оозеки чыгармачылыгында, үрп-адаттарында, каада-салттарында ж.б. сакталып, муундан муунга берилип, жаш муундарды ыймандуулукка, адептүүлүккө, эмгекке ж.б. тарбиялоону ишке ашырып келе жаткан улуттук

нарк-насилдерибиз, баалуулуктарыбыз улуттук менталитетти калыптандырат.

Кыргызстандын келечектеги ийгилиги эл биримдигине, батыштан келген цвилизациялардын терс таасирлерине туруштук берип, ага сын көз менен карап, өзүбүздүн көчмөн цивилизациябызды негиз кылып алып улут катары, мамлекет катары өнүгүүгө байланыштуу.

Европацентризмден арылуу жана кыргызцентризмге багыт алуу улуттук идеологияга айлануусу зарыл. Ал улуттук идеология жаш муундарды тарбиялоо аркылуу коомдук аң-сезимди өзгөртүүгө, коомдогу көйгөйлөрдү жоюуга, турмушубуздагы реалдуу проблемаларды чечүүгө, жаркын келечекти курууга багытталат.

**Жыйынтык.** Этникалык аң-сезим – бөтөн этникалык группалардын бар экендигин чагылдырып билүүнүн бир формасы, ошондой эле анын мазмуну ошол этникалык группага карата мамиленин жаралышына негиз (Т.Г. Стефаненко) болуп саналат жана ал ар бир эл башка элдерден эмнеси менен айырмалана тургандыгын аныктоого мүмкүндүк берет.

Аң-сезим жана анын бир элементи болгон өзүн-өзү аңдап билүү адамдардын дүйнө таанымынын, дүйнө түшүнүүсүнүн кандай болушун аныктап, адамдардын бүт аракеттерин, жүрүм-турумун жөнгө салат.

Азыркы кезде элдин аң-сезими, айрыкча өзүн-өзү аңдап билүүсү өзгөрүп жаткан кезде коомдук аң-сезимибиздеги евроцентризмден арылуу жана анын кесепеттерин жоюу багытында иш жүргүзүү зарыл болуп саналат.

Евроцентризм – Европада согуштук өнөр жайдын өнүгүшүнүн натыйжасында бөтөн өлкөлөрдү басып алуунун негизинде жаралган жана өнүккөн. Ал жаралгандан тарта өз идеологиясын тарыхты бурмалоого негизденип жүргүзүп келет.

Евроцентризм бүт дүйнө элдеринин аң-сезиминде орун алган, вирус сымал зыяндуу коомдук-саясый кубулуш. Андан арылуу бүгүнкү күн талабы.

Евроцентризмден жана орусцентризмден арылып, кыргызцентризмге багыт алуу глобалдашуу процессинин жана маалымат технологияларынын, маданияттардын карым-катышынын жана сырттан келген миграциянын маданиятыбызга терс таасир этүү темпин, күчүн, масштабын төмөндөтүүгө жана жоюуга мүмкүндүк берет.

Кыргызцентризм өлкөнү ар тараптан өнүктүрүүнүн өбөлгөсү болуп, өлкөбүздөгү ар түрдүү элдердин турмуш-тиричилигин, нарк-насилин, социалдык установкаларын, жүрүм-турум нормаларын ж.б. улуттук негизде өнүгүшүнүн эң негизги шарты болуп саналат.

Кыргызцентризмди ишке ашырууда өсүп келе жаткан жаш муундарыбызды улуттук нукта тарбиялоого, аларды мекенчилдик көз караштарга ээ болгон, ыймандуу жана күчтүү муун катары калыптандырууга мүмкүндүк берет жана кыргызцентризм Кыргызстанды жаныңдай сүйгөн мекенчил муунду тарбиялоону камсыз кылат.

**Адабияттар:**


1. Закиров А., Мурзаев М.С. Этнопсихология. – Ош, 2015. – 264-б.
2. Культура: Теории и проблемы / Под ред. Т. Ф. Кузнецовой. - М., 1995.
3. Культурология. XX век. Энциклопедия. - СПб., Университетская книга, 1998.
4. Мурзаев М.С. Психологиялык терминдердин жана түшүнүктөрдүн сөздүгү. - Ош, 2012. – 116-б.
5. Мурзаев М.С. Психологиялык түшүнүктөрдүн жана терминдердин сөздүгү. – Бишкек, 2016. - 176-б.
6. Кыргыз улуттук маданияттагы инсанды социалдаштыруу (социологиялык талдоо) (монография). – Бишкек, 2017.- 200-б.
7. Стефаненко Т.Г. Этнопсихология. - М., 2000.
8. Унсуралмаали Кайкавус «Кабусname» (Кыргызчага которгон Амирбек Азам уулу), - Б.: «Гүлчынар», 2009. – 196 б.
9. Философский словарь. / Под ред. И.Т. Фролова. – 4 е изд. – М.: Политиздат, 1981 - 445 с.
10. Мурзаев М.С. Традиции развития самосознания кыргызского народа. // Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. - 2011. - №. 4. - С. 284-285.